# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

## ИЛИМ, ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ПРОРЕКТОРУНУН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

**Жалал-Абад – 2019**

«БЕКИТЕМИН»
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университеттин
ректору, э.и.д., профессор
Омурзаков С.А.
«30» 08 2019-жыл

# ИЛИМ, ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК-БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА ПРОРЕКТОРУНУН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

ЖАЛПЫ ЖОБОСУ:

1. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору жетекчилер категориясына кирет.
2. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору түздөн-түз К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университтин ректоруна баш ийет.
3. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору кызматына жогорку кесиптик билими бар, илимий-педагогикалык иштерде же ишканаларда кесиптик ишмердиктер багытында иштеген, университетте тиешелүү ишмердиги 5 жылдан кем болбогон жана 3 жылдан кем эмес убактан бери илимдин доктору же кандидаты илимий даражага ээ болгон талапкер дайындалат.
4. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору кызматына түзүлгөн эмгек келишимдин шарттарында ректор тарабынан кызматка дайындалат жана кызматынан бошотулат.
5. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору жок учурда (ооруган, эмгек өргүүдө жүргөн мезгилде) анын милдетин атайын тартипте дайындалган адам аткарат. Дайындалган адам тийиштүү укуктарды алуу менен ага жүктөлгөн милдеттерди сапаттуу жана өз учурунда аткарууга жоопту болот.
6. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору кызматы боюнча ректораттын жана К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университтин Окумуштуулар Кеңешинин Президиумунун мүчөсү болуп саналат.
7. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору **билүүсү керек:**

7.1 Жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүнө, билим берүүнүн регламенттөөгө, илимий, өндүрүштүк-чарбалык жана каржылык-экономикалык ишмердүүлүкө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана нормативдик укуктук актыларын; Кыргыз Республикасынын илимий ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн приоритетивдүү багыттарын.

7.2 ЭАУнун Уставын, илимий-изилдөө боюнча жобосун, ЭАУнун илимий иштерди, эл аралык байланыштарды жана инновациялык-билим берүү ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөчү (регламенттөөчү) түрдүү нормативдик документтерин.

7.3 ЭАУнун илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү ишмердүүлүгүнүн талаптарын аныктаган мыйзамдык жана укуктук документтерин.

7.4 Илимий-изилдөө, эл аралык жана инновациялык-билим берүү иштерине тиешелүү токтомдорду, чечимдерди, буйруктарды жана башка жетектөөчү жана нормативдик материалдарды.

7.5 Эмгекке акы төлөө, кызматкерлерди материалдык сыйлоо боюнча иштеп жаткан жобону.

7.6 Аткарылган иштердин көлөмүн эсептөө ыкмасын.

7.7. Эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук, өндүрүштүк тазалык, өрткө каршы коопсуздук эрежелерин жана нормаларын.

**КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ:**

Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректорунун **милдетине кирет:**

1. ЭАУнун кадыр-баркын көтөрүү, ЭАУнун өнүгүү стратегиясын жана саясатын жайылтууга көмөктөшүү, Окумуштуулар Кеңешинин чечимдерин жана ректордун тапшырмаларын ишке ашыруу, тышкы байланыштарды кеңейтүү, директорлордун жана бөлүм башчыларынын ишмердигинин ыкчамдыгын көзөмөлдөө.

2. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим беүү иштерин жетектөө. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү иштерин жүргүзүүдө мыйзамдуулукту жана мамлекеттик тартипти сактоону камсыздоо.

3. Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү тармагына жоопту болуп саналат.

4. ЭАУнун илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проблемалуу-тематикалык планын иштеп чыгууну жана аткарууну уюштуруу. Мекемелер менен изилдөө иштери боюнча чарбалык келишимдерди түзүү.

5. Ректораттын, Окумуштуулар кеңешинин, диссертациялык кеңештин, факультеттердин кеңештеринин жана усулдук комиссияларынын отурумдарына катышуу.

6. Окуу-сыноо талааларынын, илимий жана проблемалык лабораториялардын, башка илимий мекемелердин өнүгүшүнө жана нормалдуу иштешине шарттарды камсыздоо.

7. ЭАУда илимий-инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу.

8. Илимий изилдөөлөрдө жаңы технологияларды киргизүүнү уюштуруу.

9. Илимий жетишкендиктерди жана алдыңкы тажрыйбаларды айыл чарба өндүрүшүнө киргизүүнүн иш чараларын иштеп чыгуу.

10. ЭАУнун басып чыгаруу ишмердигин жетектөө.

11. Студенттердин илимий – изилдөө иштерине, илимий-техникалык кеңешке, редакциялык-басма кеңешке, жаш окумуштуулар кеңешине жалпы жетекчилик кылуу.

12. ЭАУнун окутуучуларынын жана студенттеринин арасында эң жакшы илимий-изилдөө иштери боюнча конкурстарды өткөрүү.

13. Бекитилген тартипте иштерди мамлекеттик сыйлыктарга жыдырууну сунуштоо жана уюштуруу.

14. Бекитилген тартипте окумуштуулардын жана адистердин кандидатураларына регионалдык, республикалык, эл аралык конференцияларга, семинарларга жана симпозиумдарга катышуу үчүн жолдонмо берүү.

15. ЭАУнун окутуучуларынын илимий квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу.

16. Илимий конференцияларга жана семинарларга даярдыктарды жана аларды өткөрүүнүн көзөмөлдөө.

17. Илимий кадрларды аспирантурага тапшыртуу, улуу илимий кызматкердике жана соискателдике которуу аркылуу даярдоону уюштуруу.

18. Илимий-өндүрүштүк көмөк көрсөтүү максатында ЭАУнун кызматкерлерин чарбаларга жана мекемелерге жөнөтүү.

19. ЭАУнун кызматкерлеринин илимий эмгектерин басмага даярдалышын көзөмөлдөө.

20. ЭАУнун эл аралык ишмердигин жана чет элдик өнөктөштөр менен байланыштырууну уюштуруу жана координациялоо.

21. Билим берүү процесси тармагы боюнча иштелип чыккан жана колдонулуп жаткан чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий-техникалык жетишкендиктердин жаңы маалыматтык технологияларына мониторинг жүргүзүү.

22. Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринин илимий камсыздоо боюнча нормативдик укуктук документтеринин билим берүү кызматына экспорттолушуна анализ жүргүзүү.

23. Эл аралык келишимдердин жана гранттардын негизинде биргелешип илимий иштерди жүргүзүү жана жайылтуу боюнча сунуш даярдоо.

24. Студенттик жана эл аралык окуу-практикалык конференцияларды уюштуруу.

25. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү иштери боюнча ийгиликтүү иш алып барган ЭИУнун кызматкерлерин белгиленген тартипте сыйлоо үчүн сунуштоо.

26. Проректордун карамагындагы бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн уюштуруу жана көзөмөлдөө.

27. Проректордун карамагындагы бөлүмдөрдүн же тейленген тармактардын кызматкерлеринин адистигин жогорулатууну уюштуруу.

28. Проректордун карамагындагы бөлүмдөрдүн же тейленген тармактардын иш пландарынын аткарылышын жана жоболорунун сакталышын көзөмөлдөө.

29. Аткарылган иштери боюнча ректордун жана ЭИУнун Окумуштуулар Кеңешинин алдында отчет берүү.

30. Зарыл учурда ЭАУнун ички колдонуудагы документтерине кол коюу укугу менен ректордун милдетин убактылуу аткаруу.

**УКУКТАРЫ:**

Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректорунун **укугу бар:**

1. Илимий-изилдөө иштери, эл аралык байланыштар жана инновациялык билим берүү боюнча мекемелер, органдар жана ишканалар менен болгон өз ара мамилелерде ЭАУнун кызыкчылыгын коргоого.

2. Университеттин ректоруна ишти жакшыртууга белгиленген инструкция көрсөтмөлөргө байланышкан иштерди сунуштоого.

3. Өзүнүн кызматтык милдетин аткаруу үчүн керектүү маалыматтарды жана документтерди ЭАУнун структуралык бөлүмдөрүнөн талап кылууга.

4. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүүгө байланыштуу маселелер боюнча бардык структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери менен өз ара кызматташууга.

5. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү иштерине байланышкан маселелер боюнча көрсөтмөлөрдү, буйруктарды берүүгө.

6. Илимий-изилдөө, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү иштерине байланышкан бардык иш кагаздарга кол коюуга.

7. Илимий-изилдөөлөрдү уюштурууга, стажерлорду, аспиранттарды жана докторанттарды даярдоого байланышкан маселелер боюнча Ректоратка, ЭАУнун Окумуштуулар Кеңешине сунуш киргизүүгө.

8. Кызматкерлерди дайындоо, бошотуу жана которуу, өзгөчө айырмаланган кызматкерлерди сыйлоо, эмгек тартибин бузгандарды жазалоо боюнча ректордун кароосуна сунуштарды киргизүүгө.

9. ЭАУнун нормативдик документерине ылайык, ЭАУнун окутуучуларын жана кызматкерлерин илимий, мобилдүүлүк боюнча тажрыйба алмашууга, командировкаларга жана стажировкаларга жөнөтүүгө.

**ЖООПКЕРЧИЛИГИ:**

Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык-билим берүү боюнча проректору **жоопкерчиликти тартат:**

1. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын негизинде кызматтык инструкцияда көрсөтүлгөн кызматтык милдеттерин аткарбаса же милдетине кирбеген кызматтарды жасаса.

2. Кыргыз Республикасынын жарандык, кылмыш жана административдик мыйзамдарынын чегинде өзүнүн ишмердүүлүк процессин тартип бузуу менен жүргүзгөндө.

3. Кыргыз Республикасынын эмгек жана жарандык мыйзамдарынын чегинде белгиленген тартипте ЭАУга материалдык чыгым келтирсе.

Түзгөн:
Илим, эл аралык байланыштар
жана инновациялык билим берүү
технологиялары боюнча проректор,
п.и.к., профессор: Омошев Т.Т.